**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИ**

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

**БАГЫТЫ 710100– «Информатика жана эсептөө техникасы"**

**ПРОФИЛИ: «ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАСЫН ЖАНА АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАРДЫ ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДОО»**

**Академиялык даража: Бакалавр**

**Окутуунун түрү: күндүзгү**

**Ош**
**2024-2025-окуу жылы**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ретору, профессор
_________________ Кожобеков К..Г.
« ______» ______________ 2024 ж.

**ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН
НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ**

**БАГЫТЫ 710100– «Информатика жана эсептөө техникасы"**

**ПРОФИЛИ: «ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАСЫН ЖАНА АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАРДЫ ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДОО»**

**Академиялык даража: Бакалавр**

**Окутуунун түрү: күндүзгү**

**Ош
2024-2025-окуу жылы**

Мазмуну

1. Жалпы жоболор ....4
2. Даярдоонун багыттарынын жалпы мүнөздөмөсү....4
2.1. ЖКББ НББПнын максаттары ....5
2.2. ЖКББ НББПда күтүлүүчү натыйжалар....5
2.3. Окутуунун максаты менен күтүлүүчү натыйжалардын дал келүүчүлүк матрицасы ....7
2.4. Компетенциялар матрицасы....7
2.5. ЖКББ НББП ны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү....7
2.6. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу ....7
2.7. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар ....8
3. Кесиптик ишмердиктин мүнөздөмөсү....8
3.1. Мамлекеттик жогорку билим берүү стандарты....8
3.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү ....8
4. Компетенциялар....9
4.1. Универсалдык компетенциялар ....9
4.2. Кесиптик компетенциялар (КК)....10
4.3. ЖОЖ тарабынан толукталган компетенциялар (ЖОЖК)....10
5. НББПны ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар ....11
5.1.ЖОЖдун НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар. ....11
5.2. Студенттин НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар. ....12
5.3. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү....12
5.4. Күндүзгү окуу бөлүмүндө....12
5.5. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү....12
5.6. Бакалаврларды даярдоонун НББПнын түзүмүнө талаптар. ....12
6. НББПны ишке ашыруу шартына коюлган талаптар....19
6.1. Окуу жараянын кадрлык камсыздоо....19
6.2. Окутуу жараянын укуктуу-усулдук жана маалыматын камсыздоо....19
6.3. Окутуу жараянын материалдык техникалык камсыздоо ....19
7. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаттын баалоо....20
8. Окуу пландагы базалык дисциплиналардын программасынын аннотациясы ....20
9. Практикалардын программасына аннотация....35
10. МАКтын талаптары....36
11. Окуу планы.....37
12. Программанын компетенцияларынын картасы.....41
....49
13. Жумушчу окуу планы. ....50

## 710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы» бакалавр багытынын негизги билим берүү программасы

### 1. Жалпы жоболор

Ош мамлекеттик университетинин Математика жана информациялык технологиялар факультетинин **710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы»** бакалавр багыты боюнча негизги билим берүү программасы (НББП) Мамлекеттик билим берүү стандарты «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү билим берүү жаатындагы аныктаган тартипте башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте бекитилген (Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы (30-апрель 2003-жыл №92), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын редакцияларында 28-декабрь 2006-жыл №225, 31-июль 2007-жыл №111, 31-июль 2007-жыл №15, 20-январь 2009-жыл №10, 17-июнь 2009-жыл №185, 15-январь 2010-жыл №2, 13-июнь 2011-жыл №42, 8-август 2011-жыл №150, 29-декабрь 2011-жыл №255, 23-август 2011-жыл №496, 29-май 2012-жыл №347, 30-июль 2013-жыл №176).

НББП максаттарды, күтүлүүчү жыйынтыктарды, мазмунду, билим берүү процессинин реализациялоо технологияларын жана шарттарын, ушул багыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун баалоо сапатын жана төмөнкүлөрдү ичине камтыйт: окуу план, окуу курстарынын жумушчу программалары, предметтери, дисциплиналар (модулдар), студенттерди даярдоо сапатын камсыздаган жана башка материалдар, андан сырткары окуу календардык график жана тиешелеш билим берүү технологиясын реализациялоону камтыган методикалык материалдарды регламенттештирет.

**Кыскартуулар жана белгилөөлөр**

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар колдонулат:

**МББС** - Мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** - жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП** - негизги билим берүү программасы;
**ОМБ** - окуу-методикалык бирикме;
**НББП ОСЦ** - негизги билим берүү программасынын окуу сабактарынын цикли;
**ЖИК** - жалпы илимий компетенциялар;
**АК** - аспаптык компетенциялар;
**КК** - кесиптик компетенциялар;
**СИЖМК** - социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.

### 2. Даярдоонун багыттарынын жалпы мүнөздөмөсү

710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы» багыты боюнча Мамлекеттик жогорку билим берүү стандартыКыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатында аныктаган башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте бекитилген.

Мамлекеттик жогорку билим берүү стандартын аткаруу бакалаврларды даярдоо боюнча жогорку кесиптик билим берүү программаларды ишке ашыруучу бардык ЖОЖдор үчүн, уюштуруучулук-укуктук тариздерине (формаларына) карабастан, милдеттүү болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында **710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы»** багытындагы жогорку билимдүү бакалаврларды даярдоо боюнча төмөнкү ишке ашырылат:

- бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП.

Бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнө «бакалавр» академиялык даражасын ыйгаруу менен жогорку билими тууралуу диплом берилет.

### *2.1. ЖКББ НББПнын максаттары*

**710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы» багыттары боюнчабакалаврды даярдоодогу билим берүү программасынын максаттары (М):**

**М1.** Студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын, жалпы маданияттуулук деңгээлин, ой-жүгүртүүсүн компетенттик мамиле аркылуу калыптандыруу жана жогорулатуу; бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жана расмий тилдерде маалыматка ээ болуусун жана аларды кеңири чөйрөдө колдоно алуу жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу; мамлекеттин ар тараптан өнүгүшү үчүн интеллектуалдык потенциалын, билимин жана билгичтиктерин жүзөгө ашырууга даяр экендигине тарбиялоо, өлкөгө болгон патриоттук сезимдерин жогорулатуу.

**М2.** Сапаттын кепилдигин камсыздоо менен экономикалык, математикалык жана компьютердик техника, тармактар жана технологиялар багытындагы заманбап илимий билимдердин негиздеринде бүтүрүүчүгө тандап алган иш-чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүүчү жогорку кесиптик жактан адистешкен, тереңдетилген, атайын кесиптик билимдерди өздөштүрүүсүн камсыздоо жана аларды практика жүзүндө колдоно алууга даярдоо.

**М3.** Ишмердүүлүк чөйрөдөгү маселелерди чечүүнүн, эсептөөчү машиналарды, комплекстерди, системаларды, тармактарды иштетүүнүн моделдерин жана алгоритмдерин түзүү, аларды долбоорлоонун ыкмаларын жана методдорун колдоно алуу, эсептөө техникаларын жана тармактарды системалык, прикладдык жана программалык камсыздоо, администрлөө, инструменталдык тейлөө технологияларын өздөштүрүү менен иштете алуу жөндөмдүүлүктөрдү бүтүрүүчүлөрдө калыптандыруу.

**М4.** Илимдин жана техниканын жаңылыктарын жана жетишкендиктерин колдонуу менен ишкана-мекемедеги эсептөө техникалары жана тармактар менен иштөөнү автоматташтырууга, интранет, интернет тармактарын эффективдүү колдонуу аркылуу берилгендер базасын түзүүгө жана колдонууга, электрондук продукция чыгарууга жана киреше алууга, команда менен иштөөгө, өндүрүштөгү ар түрдүү татаал кырдаалдардан жана конфликтик абалдардан чыгымды азайтуу менен мыйзам чегинде чыга алууга жөндөмдүү болгон бүтүрүүчүлөрдү даярдоо.

**М5.** Эмгек базарынын керектөөлөрүн эсепке алууда, ресурстарды рационалдуу жана үнөмдүү пайдаланууда ата мекендик жана чет элдик тажрыйбалардын илимий-техникалык маалыматтарын, анализдөө менен колдоно билүүдө, стратегиялык пландаштырууда информациялык-коммуникациялык технологияларды колдонуу аркылуу чет элдик адистер менен мамилелешип иштөөгө жөндөмдүү болгон бүтүрүүчүлөрдү чыгаруу.

### *2.2. ЖКББ НББПда күтүлүүчү натыйжалар*

710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы» бакалаврды даярдоо багытынын НББПсында төмөнкүдөй күтүлүүчү натыйжалар (КН) пландаштырылат:

| | **ПОВТАС Окутуунун натыйжалары** | **Компетен-циялар** |
|---|---|---|
| 1 | **Долбоордук-конструктордук ишмердүүлүк:** техникалык каражаттардын мүмкүнчүлүктөрүн, колдонуучулардын талаптарын анализдөөнүн негизинде, кесиптик ишмердүүлүктүн компоненттерине коюлуучу талаптарды жана өзгөчөлүктөрдү иштеп чыгуу; аппараттык комплекстерди эффективдүү ишке ашыруу үчүн программалоо каражаттарын жана эсептөө техника каражаттарын колдонууга жөндөмдүү | ИК-2<br>ПК-2<br>ПК-5 |
| 2 | **Технологиялык ишмердүүлүк:** автоматташтырылган системалардын компоненттерин, программаларды, программалык комплекстерди алдыңкы технологияларды пайдалануу менен керектүү сапатта жана мөөнөттө түзүү; аппараттык-программалык комплекстерди тестирлөө жана оңдоо; программаларды жана аларды текшерүүнүн ыкмаларын | ИК-2<br>ПК-5<br>ПК-11 |

| | | |
|---|---|---|
| | иштеп чыгуу, кесиптик ишмердүүлүктүн объекттерин текшерүүнү өткөрүү | |
| 3 | **Өндүрүштүк ишмердүүлүк:** экология жана IT технология боюнча бизнес долбоорлорду ишке ашырууда өндүрүштүк технологиялык процесстерди табууга жана өздөштүрүүгө; өндүрүштөгү ар түрдүү татаал кырдаалдардан жана конфликтик ситуациялардан чыгымды азайтуу менен мыйзам чегинде чыга алууга, ресурстарды сарамжалдуу колдонууга, табиятты коргоого, программалык комплекстерди сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылууга жөндөмдүү | ЖК-1<br>ИК-3<br>СЖК-1<br>ПК-5<br>ПК-12 |
| 4 | **Уюштуруу-башкаруу ишмердүүлүгү:** өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө объекттердин иштеп чыгуу этаптарын талап кылынган сапатта жана мөөнөттө уюштуруу; кесиптик ишмердүүлүктүн объекттерин иштеп чыгуу баалоо, көзөмөлдөө жана башкаруу; өндүрүштө колдонулуучу программалык-усулдук комплекстерди колдонуу жолдорун үйрөтүүгө жөндөмдүү | ИК-3<br>ПК-8<br>ПК-12 |
| 5 | **Түздөө-оңдоо ишмердүүлүгү:** өздүк программалар жана программалык комплекстерди талдап иштеп чыгуу, модернизациялоо, программаларды жана программалык комплекстерди оңдоп түзөөдөн өткөрүү; тестирлөө үчүн усулдарды, каражаттарды тандай жана баалай билүү; автоматташтырылган системалардын программалык каражаттарын адаптациялоо жана тейлөөгө жөндөмдүү | ЖК-1<br>ПК-1<br>ПК-6<br>ПК-9 |
| 6 | **Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү:** илимий-изилдөөдөгү, долбоордук-конструктордук ишмердүүлүктөгү, башкаруу системаларындагы компьютердик технологиялардын жана чечим кабыл алууну колдоочу системалардын математикалык үлгүлөрүн, ыкмаларын тандоо; кабыл алынган долбоорлоо чечимдерин шарттоо жана анын тууралыгын аныктоо үчүн эксперименттерди өткөрүү; аткарылган иштердин жыйынтыктарынын негизинде илимий-техникалык отчетторду, презентацияларды даярдоо, изилдөө жыйынтыктарын статья, доклад түрүндө илимий-техникалык конференцияларда чыгарууга жөндөмдүү | ЖК-1<br>ПК-6<br>ПК-7 ПК-8 |
| 7 | **Инновациялык ишмердүүлүгү:** өз ишмердүүлүк чөйрөсүндө үзгүлтүксүз пайда болуп жаткан жаңы инновацияларды, стартап жана бизнес идеялардын проектик долбоорлорун өздөштүрүү, колдоно билүү жана аларга атаандаш идеяларды иштеп чыгуу; жаңы инновациялардын эффективдүүлүгүн баалай билүү, традициялык жана инновациялык ойлордун айырмачылыктарын изилдөө, түшүнө билүү, жаңы инновацияларды пайдалануу менен заманбап программалардын жана программалык комплекстердин үстүнөн иштөөгө, катышууга жөндөмдүү | ЖК-1<br>ПК-1<br>ПК-3<br>ПК-7 |
| 8 | **Сервистик-тейлөө ишмердүүлүгү:** жөнөкөй жана пайдалануучулардын бардык катмарларын эске алуу менен жасалган интерфейске ээ болгон программалык өндүрүмдөрдү түзүүгө жана пайдалана билүү, программалардын жана программалык комплекстердин үзгүлтүксүз иштеп туруусун жана алардын бүтүндүгүн камсыздап туруу, программалардын жана программалык комплектерди сервистик зарылчылыкка жараша адаптациялоого жана оңдоп түзөөгө жөндөмдүү | СЖК-1<br>ПК-10<br>ПК-11<br>ПК-12 |

| | | |
|---|---|---|
| 9 | **Мамлекеттик, расмий тилдерде иштөө жана мамлекеттин өнүгүшүнө салым кошуу ишмердүүлүгү:** мамлекеттик жана расмий тилдерде иш жүргүзө билүүгө, аткарылган илимий-техникалык жана өндүрүштүк маселелердин отчетторун түзүүгө, аларды презентациялоого, статья, доклад формасында баяндай алууга жөндөмдүү; атуулдук демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде диалог жүргүзө билүүгө, ата мекендик өндүрүмдөрдү (долбоорлорду, программаларды, программалык комплекстерди ж.б.) иштеп чыгууга жөндөмдүү | ИК-1<br>ПК-7<br>ПК-8 |
| 10 | **Веб чөйрөсүндөгү ишмердүүлүк:** интернет тармагында клиент-сервер технологияларын колдонуу менен веб тиркемелерди түзүүгө, берилгендер базаларын түзүүгө жана эң алдынкы технологиядагы берилгендер базасын башкаруу системалар менен иштей билүүгө, интернет тармагы боюнча бизнес долбоорлорду, информациялык системаларды түзүүгө жана ишке ашырууга жөндөмдүү | СЖК-1<br>ИК-1<br>ПК-3<br>ПК-4 |

### *2.3. Окутуунун максаты менен күтүлүүчү натыйжалардын дал келүүчүлүк матрицасы*

1-таблица. Максат менен окутуунун натыйжаларынын дал келүүчүлүк матрицасы

| | М1 | М2 | М3 | М4 | М5 |
|---|---|---|---|---|---|
| КН1 | | | + | | |
| КН2 | | | | + | |
| КН3 | | | + | + | |
| КН4 | | | | + | |
| КН5 | | | + | | |
| КН6 | | | | | + |
| КН7 | | | | + | + |
| КН8 | | + | | | |
| КН 9 | + | + | | | |
| КН10 | + | | | | |

### *2.4. Компетенциялар матрицасы*

Компетенциялар матрицасы 1-тиркемеде келтирилди.

### *2.5. ЖКББ НББП ны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү*

Күндүзгү окуу бөлүмүндөгү жалпы орто же кесиптик орто билим байырында **710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы»** бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 4 жылдан кем эмес болушу керек.

Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.

### *2.6. ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу*

Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 240тан кем эмес кредитке (чегерим бирдикке) барабар.

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредитке (чегерим бирдикке) барабар.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30 кредитке (чегерим бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп курулган учурда).

Бир кредит (чегерим бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү).

*2.7. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар*

Жогорку кесиптик билимдүү «Бакалавр» академиялык даражасын алуу үчүн жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли – жалпы (толук) орто билимдүү же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билимдүү болушу зарыл.

Абитуриенттин жалпы орто билими же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү иш кагазы болушу керек.

Жалпы республикалык тестирлөөнүнбосого баллынанөтүп, конкурстук негизде кабыл алынган болушу керек.

**3. Кесиптик ишмердиктин мүнөздөмөсү**

***3.1. Мамлекеттик жогорку билим берүү стандарты***

Мамлекеттик жогорку билим берүү стандарты (мындан ары - ЖКББ МББС) бакалаврларды даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү нормалардын, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы жана **710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы»** уюштуруучулук-усулдук документтерди иштеп чыгуу, лицензиясы же Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар, бардык жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү мекемелеринин (мындан ары - ЖОЖдор), уюштуруучулук-укуктук тариздерине карабастан жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет.

**710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы»** бакалаврларды даярдоо багыты боюнча ЖКББ МББСын негизги пайдалануучулар болуп:

- ЖОЖдордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өздөрүнүн ЖОЖдорундагы ошол багыт жана даярдоонун деңгээли боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алып, негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуучулар, натыйжалуу ишке киргизүү жана жаңылоо үчүн адамдар жооптуу;
- ЖОЖдо даярдоонун ошол багытындагы негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн студенттер жооптуу;
- тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окутуу-усулдук бирикмелер жана кеңештер;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу мамлекеттик аткаруу бийлигинин мүчөлөрү;
- жогорку кесиптик билим берүү системинде мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдү камсыз кылуучу, жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө аттестацияны, аккредитацияны жана сапатка көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мүчөлөрү эсептелет.

***3.2. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик иш чөйрөсү***

**710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы»** багыты боюнча бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүк аймагы болуп: маалыматтар процесстери, технологиялары, системдери жана тармактары, жана аларды инструменттер менен (программалык, техникалык, уюштуруучулук) камсыздандыруу, долбоорлоонун ыкмалары жана методдору, оңдоо, маалыматтар технологияларын жана системдерин төмөнкү чөйрөлөрдө өндүрүү жана иштетүү: *административдик башкаруу, юриспруденция, бизнес, жекече ишмердүүлүк, коммерция, менеджмент, банктык*

*системалар,билим берүү, маалыматтык системдердин коопсуздугу, технологиялык процесстерди башкаруу, байланыш, телекоммуникация, почта байланышы, массалык маалыматтоо системдери, дизайн, жана ошондой эле ар кандай турдөгү ишканалардын профилдери жана экономикалык шарттагы маалыматтоо коомунун бардык ишмердиктери.*

**4. Компетенциялар**

Бакалавр академиялык даража ыйгарылган, 710200 «Информациялык системаларжана технологиялар» багытынын бүтүрүүчүсү НББП максатына жана маселелерине ылайык кесиптик ишмердүүлүгүндө төмөнкү компетенцияларгаээ болушу зарыл:

***4.1. Универсалдык компетенциялар***

***а) жалпы илимий (ЖИК):***

- айлана-чөйрө жөнүндөгү илимий билимдердин толук системасына ээ, маданияттын, турмуш-тиричиликтин баалуулуктарында багыт аныктоого жөндөмдүү (ЖИК-1);
- кесиптик маселелерди чечүүдө математикалык, табигий, гуманитардык, экономикалык илимдердин негизги жоболорун колдонууга жөндөмдүү (ЖИК-2);
- жогорку даражадагы өз-алдынчалулуукта заманбап билим берүү жана информациялык технологияларын колдонуу менен жаңы билим алууга жөндөмдүү (ЖИК-3);
- традициялык жана инновациялык ойлорду түшүнүүгө жана колдонууга, аларды ишке ашыруучу кадамдарды табууга жана изилдөө ишмердигинин базалык усулдарын колдонуп долборлор үстүндө иштөөгө катышууга жөндөмдүү (ЖИК-4);
- илимдеги, техникадагы жана технологиялардагы, профессионалдык чөйрөдөгү жаңы кубулуштардын социалдык-экономикалык жана маданий бүтүмдөрүн талдоого жана баалоого жөндөмдүү (ЖИК-5);
- өзүнүн эмгегин илимий негизде баалоого жана өзүнүн иш-аракеттеринин жыйынтыгын жогорку даражадагы өз-алдынчалулуук менен баалоого жөндөмдүү (ЖИК-6).

***б) аспаптык компетенциялар (АК):***

- маалыматты кабыл алууга, жалпылоого жана талдоого, максат коюуга жана ага жетүүнүн жолдорун тандоого жөндөмдүү (АК-1);
- мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн оозеки жана жазуу сүйлөмдөрүн логикалык туура, аргументтүү жана ачык-айкын түзүүгө жөндөмдүү (АК-2);
- социалдык баарлашуу деңгелинде чет тилдердин бирөөсүнө ээ болуу (АК-3);
- ишмердик баарлашууну жүзөгө ашырууга жөндөмдүү: эл алдына чыгып сүйлөө, сүйлөшүүлөр, кеңешме өткөрүү, ишмердүүлүктө жазуу түрүндө баарлашуу, электрондук коммуникациялар (АК-4);
- маалыматты алуунун, сактоонун, кайра иштетүүнүн негизги усулдарына, ыкмаларына жана каражаттарына, маалымат башкаруунун каражаты катары компьютер менен, анын ичинде глобалдык компьютердик тармактарда жана корпоративдик маалыматтар системаларында, иштөөнүн шыктарына ээ (АК-5);
- уюштуруу жана башкаруу чечимдерин иштеп чыгууга катышуугажөндөмдүү (АК-6).

***в) социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК):***

- коомдо кабыл алынган моралдык жана укуктук негизде социалдык өз-ара аракеттенишүүгө жөндөмдүү, элге сый, башка маданиятка толеранттуулук жана шериктештик мамилелерди колдоого даярдыкты көрсөтөт (СИЖМК-1);
- өзүнүн жетишкендигин жана жетишпегендигин сын көз менен кароону, жетишкендиктерин өнүктүрүү жана жетишпегендиктерин жоюу жолдорун белгилөөнү жана каражаттарын табууну билет (СИЖМК-2);

- активдүү граждандык позицияда болууга, граждандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизиндеги диалогго жөндөмдүү жана даяр (СИЖМК-3);
- сергек жашоо үлгүсүнө, табиятты коргоого жана ресурстарды рационалдуу колдонууга керек болгон билимдерин колдонууга жөндөмдүү (СИЖМК-4);
- коллективде, анын ичинде дисциплиналар аралык долбоорлордо иштөөгө жөндөмдүү (СИЖМК-5).

***4.2. Кесиптик компетенциялар (КК)***

- бөлүмдөрдү, лабораторияларды, офистерди компьютердик жана желе жабдуулары менен камсыздоонун техникалык тапшырмасын, бизнес-планын иштеп чыгуу (КК-1);
- практикалык маселелерди чечүүдө программдык каражаттарды колдонуу ыкмаларын өздөштүрүү (КК-2);
- "адам-ЭЭМ" интерфейсин иштеп чыгуу (КК-3);
- маалымат системдеринин компонентеринин, маалымат базаларынын үлгүлөрүн иштеп чыгуу (КК-4);
- программдык комплекстердин жана маалымат базаларынын компонентерин иштеп чыгуу, заманбап аспаптык каражаттарын, программалоо технологияларын колдонуу (КК-5);
- кабыл алынган долбоорлоо чечимдерин шартто жана анын тууралыгын аныктоо үчүн эксперименттерди өткөрүү (КК-6);
- аткарылган иштердин жыйынтыктарынын негизинде илимий-техникалык отчетторду, презентацияларды даярдоо, изилдөө жыйынтыктарын статья, доклад түрүндө илимий-техникалык конференцияларда чыгаруу (КК-7);
- өндүрүштөколдонуучу программалык-ыкмалык комплекстерди жумушчуларга үйрөтүү боюнча сабактарды өткөрүү (КК-8);
- программдык-аппараттык комплекстерди жөндөөгө жана күүлөөгө катышуу (КК-9);
- маалыматтык жана автоматташтырылган системдердин курамындагы аппараттык жана программдык каражаттарды келтирүү (КК-10);
- маалыматтык жана автоматташтырылган системдердин аппараттык жана программдык каражаттарын инсталляциялоо (КК-11);
- кесиптик ишмердүүлүктө объектилердин иштетүү мүнөздөмөлөрүн өлчөө каражаттарын жана ыкмаларын тандоо (КК-12);

***4.3. ЖОЖ тарабынан толукталган компетенциялар (ЖОЖК)***

- жаңы өндүрүмдү чыгарууда өндүрүштүк технологиялык процесстерди табууга жана өздөштүрүүгө; кесиптик ишмердүүлүктүн объекттерин иштеп чыгуунун технологияларын өздөштүрүү, өндүрүштөгү ар түрдүү татаал кырдаалдардан жана конфликтик ситуациялардан чыгымды азайтуу менен мыйзам чегинде чыга алууга; программалык өндүрүмдөрдүн эсептөөчү жана автоматташтырылган системдердин ишин көзөмөлдөп коштоого; кесипкөй ишмердиктин объекттерин эксплуатациялык мүнөздөмөлөрүн өлчөөнүн усулдарын жана каражаттарын тандоого; эсептөөчү жана автоматташтырылган системдердин системдик, инструменталдык жана колдонмо программалык жабдууларын орнотууга, калыптоого(настройка) жана тейлөөгө үйрөтүүгө жөндөмдүү (*ЖОЖК-1);*
- жөнөкөй жана пайдалануучулардын бардык катмарларын эске алуу менен жасалган интерфейске ээ болгон программалык өндүрүмдөрдү түзүүгө жана пайдалана билүү, программалардын жана программалык комплекстердин үзгүлтүксүз иштеп туруусун жана алардын бүтүндүгүн камсыздап туруу, программалардын жана программалык комплектерди

сервистик зарылчылыкка жараша адаптациялоого жана оңдоп түзөөгө жөндөмдүү (Ж*ОЖК-2).*

**5. НББПны ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар**

***5.1.ЖОЖдун НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар.***

5.1.1.ЖОЖдор даярдоонун багыты боюнча НББПсын өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча эмгек базарынын керектөөлөрүн эсепке алуу менен тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгылат.

ЖОЖдор НББПны илимдин, маданияттын, үнөмдүн, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, ЖОЖдо билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөрдө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү кармануу менен жыл сайын жаңылап турууга милдеттүү:

- ✓ бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштелмесинде;
- ✓ билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоонун мониторингинде;
- ✓ так макулдашылган чендин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн зиректүүлүгүнүн деңгээлин баалоонун объективдүү өтүү тартиптеринин иштелмелеринде;
- ✓ окутуучулар курамынын сапатын жана зиректүүлүгүн камсыз кылууда;
- ✓ бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү каражаттар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөдө, мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен;
- ✓ өзүнүн ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо жана башка шайкеш билим берүү мекемелери менен катар коюп салыштыруу үчүн макулдашылган чендер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдө;
- ✓ коомчулукту өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, максаттары, жаңылоолору тууралуу маалымдоодо.

5.1.2. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын күндөгү, аралыктык жана жыйынтык мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү алардын жекече жетишкендиктерин тийиштүү НББПнын этаптуу же түпкү талаптарга ылайык келгидей аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын типтүү тапшырмаларды, текшерүү жумуштарын, тесттерди ж.б. камтуучу, билимдерди, билгичтиктерди жана ээ болгон зиректердин деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү байырлары түзүлөт. Баалоочу каражаттардын байырларын ЖОЖ иштеп чыгат жана бекитет.

Бүтүрүп чыгаруучу квалификациялуу иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата талаптар жогорку окуу жайдын белгиленген тартиби боюнча аныкталат.

5.1.3. НББПны иштеп чыгууда ЖОЖду бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык зиректигин (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү зиректерин, өзүн-өзү уюштурууну жана системдик-ишмердүүлүк мүнөздөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталуусу керек. ЖОЖ ЖОЖдун социалдык-маданий чөйрөсүн түзүп калыптандырууга, инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.

ЖОЖ окуу жараянынын социалдык-тарбиялык бөлүгүн студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын ишине катышуусун, спорттук жана чыгармачылык клубдарды, илимий студенттик коомдорду кошуп, өнүктүрүүгө көмөктөш болууга милдеттүү.

5.1.4. Жогорку окуу жайынын НББПсы студенттин тандоосу боюнчасабактарды ар бир СМнын вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмүн түзүүсү керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин ЖОЖдун илимий кеңеши аныктайт.

5.1.5. ЖОЖ студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

5.1.6. ЖОЖ НББПны түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттүүлүктөрү менен тааныштырууга, студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп эсептелинерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу циклинде каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

***5.2. Студенттин НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар.***

5.2.1. Студенттер, студенттин тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чектеринде, НББПда алдын ала каралган конкреттүү сабакты тандап алууга укуктуу.

5.2.2. Студент өзүнүн жекече билим берүү траекториясын түзүүдө сабакты тандоо боюнча ЖОЖдо кеңеш алуу жана алардын даярдоонун (адистештирүүнүн) болочок багытына таасир этүү укугуна ээ.

5.2.3. НББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетишүү максатында СИЖМЗны өнүктүрүү бөлүгүндө студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

5.2.4. Студенттер ЖОЖдун НББПсында алдын ала каралган бардык тапшырмаларды аныкталып белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

***5.3. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү***

Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен, жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу бөлүмүндөгү көлөмүн ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын өзгөчөлүгүн эсепке алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 50% чектеринде мамлекеттик билим берүү стандарты аныктайт.

***5.4. Күндүзгү окуу бөлүмүндө***

Күндүзгү окуу бөлүмүндө аудитордук сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан аз болбошу керек.

***5.5. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү***

Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзүүсү керек, мунун ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес.

***5.6. Бакалаврларды даярдоонун НББПнын түзүмүнө талаптар.***

Баклаврларды даярдоодо НББП төмөнкү *окуу циклдерин* (табл.) окутуу каралат:

- гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдер;
- математикалык жана табыгый-илимий циклдер;
- кесиптик циклдер;
- вариативдик бөлүмдөр*;*
- дене тарбия;
- окуу жана өндүрүштүк практика же илимий - изилдөөчүүлүк иш;
- жалпы мамлекеттик аттестация.

Сабактардын ар бир цикли **базалык (милдеттүү түрдөгү)** бөлүккө жана ЖОЖ тарабынан аныкталчу **вариативдик (профилдик)** бөлүккө ээ болот. Вариативдик (профилдик) бөлүк базалык сабактардын мазмуну менен аныкталуучу билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берип, байырлык сабактардын мазмунун аныктайт. Студент алынган профилге ылайык «магистр» академиялык даражасына жетишүү үчүн ЖКББнын

кезектеги деңгээлинде билимин улантууга, ийгиликтүү кесиптик иш үчүн тереңдетилген билимдерди жана көндүмдөрдү алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Вариативдик (профилдик) бөлүк эки бөлүктөн турат: **ЖОЖдук курам жана студенттин тандоосу боюнча түзүлгөн сабактардан турат.**

Базалык (милдеттүү түрдөгү) “Гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдер ” төмөнкү милдеттүү сабактарды өзүнө сөзсүз камтуусу зарыл: “Ата-мекен тарыхы”, “Философия”, Мамлекеттик (же орус) тили, “Чет тил”.

Кесиптик циклдин базалык (милдеттүү түрдөгү) бөлүмүн “Жашоо ишмердигинин коопсуздугу” сабагын өзүнө камтуусу зарыл.

**2-таблица Бакалаврларды даярдоонун ЖКББ НББПнын түзүмү**

| НБ БП ОСЦ коду | Окуу циклдери жана билимди өздөштүрүүнү долбоорлоонун жыйынтыгы | Эмгек көлөмү (чеге-рим бирди-ги) | Окуу китептерин жана окуу шаймандарын иштеп чыгаруучу сабактардын тизмеси | Калыпта-нылуучу зиректин коду |
|---|---|---|---|---|
| Б.1 | **Гуманитардык, социалдык жана экономика-лык цикл** | **36** | | |
| | **Базалык бөлүк**<br>Циклдин базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжа-сында студент **<u>билүүсү керек:</u>**<br>- тарыхый процесстердин негизги мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, Кыргызстандын тарыхый өнүгүшүнүн этаптарын, азыркы дүйнө жүзүндөгү Кыргызстандын орду жана ролу;<br>- философиянын негизги бөлүмдөрүн жана багыттарын, көйгөйлөрдү талдоонун философиялык ыкмаларын жана жолдорун;<br>**<u>Билгичтиктери:</u>**<br>- социалдык-саясий жана илимий адабияттарды өз алдынча талдоону;<br>- талдоолордун жыйынтыктарын эске алуу менен өз ишмердиктерин<br>пландаштырууну жана ишке ашырууну, мамлекеттик жана расмий тилдерде оозеки жана жазуу кептерин жакшы сүйлөөгө;<br>**<u>Ээ болуусу:</u>**<br>- өзүнүн жеке көз карашын жазуу түрүндө далилдеп берүү көндүмүн;<br>- көпчүлүктүн алдында сүйлөй билүү, жүйөө далилдерди келтирүү, талаш-тартыш жана карама-каршы пикирдеги талкууларды уюштуруу, ар түрдүү талкуулардын логикасына практикалык талдоо жүргүзүү көндүмдөрүн;<br>- маалыматтарды кооптуу учурда кабыл алуу;<br>- мамлекеттик жана расмий тилдерде оозеки жана жазуу түрүндө тиешелүү денгээлде байланыша билүү, чет тилинде кесиптик багыттагы маалыматтарды алуу денгээлинде сүйлөшүү көндүмдөрүн. | **34** | Кыргыз (Орус) тили,<br>Чет тили,<br>Тарых,<br>Ата мекен та-рыхы,<br>Философия ж.б. | ЖИК-1<br>ЖИК-4<br>ЖИК-5<br>АК-1<br>АК-2<br>АК-3<br>АК-4<br>СИЖМК-1<br>СИЖМК-2<br>СИЖМК-3 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Вариативдүү** бөлүмдө төмөнкүлөрдү **билүүсү керек:**<br>Экономикалык теориянын негизги жоболорун<br>**Билгичтиктер:**<br>кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүндө экономикалык анализдин практикалык маселелерин чечүү<br>**Ээ болуу:**<br>кесиптик ишмердүүлүк объектине карата экономикалык көрсөткүчтөрдү баалоо методдоруна | 2 | Экономика | |
| Б.2 | **Математикалык жана табыгый илимий циклдер** | **42** | | |
| | **Базалык бөлүм** | **28** | | |
| | Базалык бөлүмдү үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөкүлөрдү **билүүсү зарыл:**<br>математикалык анализдин негизги түшүнүктөрүн жана методдорун, сызыктуу алгебраны, математикалык логиканын элементтерин, диффереациалдык теңдеменин теориясын жана математикалык физиканын теңдемелеринин теориясынын элементтерин, ыктымалдуулук теориясын жана математикалык статистиканы, капыс процесстерди, божомолдоолорду статистикалык баалоону жана текшерүүнү, экперименталдык чоңдуктарды иштеп чыгуунун статистикалык методдорун;<br>персоналдык компьютерди колдонуунун дискреттик структуралары жөнүндөгү негизги маалыматтарды, математикалык маселелерди чыгаруунун сандык методдорунун негизги алгоритмдерин;<br>бир (эки) программалоочу тилди;<br>Ньютондун законун жана сакталуу законундорун, Эйнштейндин салыштырма-луулук теориясынын атайын принциптерин, салыштырмалуулук теориясынын жалпы элементтерин электростатистика закондорун, магниттик талаанын жаратылышын жана магниттик талаадагы заттардын жүрүм турумдарын, электро магниттик индукциянын закондорун, Максвеллдин теңдемесин, толкун процесстерин, геометриалык жана толкундук оптинаны, заттардын өз ара нурдануусун, Гейзенбергдин катышын, Шредингердин теңдемесин жана аны эң жөнөкөй системалар үчүн чыгаруу;<br>Биосферанын туруктуулугун аныктоочу факторлорду, жаратылышка антропогендик таасир этүүнүн көбөйүшүнүн мүнөздөмөлөрүн, жаратылыштык колдонуунун рационалдуу принциптерин, биосферага таасир этүүнү чарбалык азайтуунун методдорун, айлана чөйрөнү | | Математика<br><br>Физика<br><br>Информатика<br><br>Экология | ЖИК-2<br>ЖИК-3<br>СИЖМК-4<br>СИЖМК-5<br>АК-5<br>АК-6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | коргону уюшуруучулук жана укуктук каражаттарын, туруктуу өнүгүүгө жетишүүнүн ыкмаларын;<br>**<u>Билгичтиктер:</u>**<br>Жогорулатылган татаалдыктагы кесиптик маселелерди чечүүдө математикалык методдорду колдону;<br>Персоналдык компьютерди кардар катары колдонуу, чоңдуктарды машинеде алмаштыруу үчүн сырткы маалымат камтыгычтарды колдоно билүү, чоңдуктардын жана програмалардын резервдик көчүрмөлөрүнун архивдерин түзүү, кесиптик маселелерди чыгаруу үчүн программалоо тилдерин жана системдерин колдонуу, программалык жалпы каражаттар менен иштөө;<br>Математикалык анализдин методдорун колдонуп курстагы негизги бөлүмдөр боюнча типтик маселелерди чыгаруу, кесиптик ишмердүүлүктүн маселелерин чечүүдө жана анализдөөдө физикалык закондорду колдонуу;<br>Айлана чөйрөго антропогендик таасир этүүнү баалону жаратылыш-климаттык шарттарды эске алуу менен жүргүзүү;<br>Экологиялык документтер менен иштөөдө нормативдик укуктук актыларды колдонуу.<br>**<u>Ээ болуу:</u>**<br>Кесиптик маселелерде математикалык моделдерди түзүүнүн методдоруна жана алынган жыйынтыктарды баяндоого;<br>Глобалдык жана локалдык компьютердик тармактарда маалыматтарды издөө жана алмаштыруу методдоруна, антивирустук коргоо ыкмалары менен кошо;<br>Физикалык өлчөө методдорун жүргүзүүгө, физикалык эксперименттерди жүргүзүүдө каталарды туура баалоо методдоруна;<br>Мекеменин ишмердүүлүк залакасын экономикалык баалоо методдоруна;<br>Айлана чөйрөгө таасир этүүчү ыкмаларды рационалдуу тандоо методдору. | | | |
| | **Вариативдүү** бөлүмдү үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөкүлөрдү **<u>билүүсү керек:</u>**<br>оптиалдаштыруу маселелеринин математикалык моделдерин түзүү эрежелин; оптималдаштыруу маселелерин классификациялоо, сызыктуу оптималдаштыруу маселелерин чечүү методдорун, сызыктуу эмес оптималдаштыруу маселелерин чечүү методдорун, динамикалык программалоонун методдорун, көп сынамалуу оптималдаштыруу методдорун; туруктуу өнүгүүнүн көйгөйлөрүн жана адамдын иш-аракеттери менен байланышкан тобокелдиктерди | 14 | Эсептөө математикасы жана математикалык логика;<br><br>Тиричилик ко-опсуздугу;<br><br>Электротехни-ка, электроника жана түзмөк техника; | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | билүү; электротехниканын фундаменталдык закондорун; электр чынжырындагы стационардык жана өткөөл процесстердеги токту жана чыңалууну эсептөөнүн жана анализдөөнүн негизги методдорун; негизги типтерин, алардын мүнөздөмөлөрүн, параметрлерин, моделдерин<br>**Билгичтиктер:**<br>түрдүү класстагы оптималдаштыруу маселелери үчүн математикалык моделдерди түзүү, оптималдаштыруу маселелерин чечүүдө математикалык программалоонун методдорун колдонуу; ЭЭМдин функционалдык түйүндөрүнүн максатын жана классификациясын; ЭЭМдин функционалдык түйүндөрүнүн заманбап методдорун жана каражаттарын билүү<br>**Ээ болуу:**<br>Microsoft Excelдин эсептөө мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен түрдүү класстагы оптималдаштыруу маселелерин чечүүнүн ыктары, колдонмо маселелерди чечүүдө жана моделдештирүүдө оптималдаштыруу методдорун колдонуу ыктары; айлана-чөйрөгө антропогендик таасирлерди азайтууга багыттоо менен инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыз кылуу иш аракеттерин рационалдаштыруу ыкмаларына ээ болуу; электротехникалык схемаларды автоматташтырылган анализдөөнүн программасына, ЭЭМдин схемаларын анализдөөнүн жана синтездөөнүн ыктарына ээ болуу. | | | |
| Б.3. | **Кесиптик циклдер** | **132** | | |
| | **Базалык (жалпы кесиптик)бөлүк**<br>Базалык бөлүгүн өздөштүрүнүн натыйжасында студент **билүүсү керек**:<br>-ЭЭМдин архитектурасын түзүүнүн негиздери;<br>-ЭЭМдин санариптик жана аналогдук элементте-ринин мүнөздөмөлөрү жана түзүү негиздери;<br>-ЭЭМ менен иштөөнүн программалык жана техни-калык заманбап каражаттары<br>-алгоритмдерди жана программаларды иштеп чыгуу технологияларын, ЭЭМде маселелерди чечүү жана оңдоо ыкмаларын;<br>-маалымат коммуникациялык системдер жана тех-нологиялар тармагындагы жалпы стандарттарды, анын ичинде Жалпы программалык иш кагаздар системин;<br>-компьютердик тармактардын локалдык жана глобалдык структураларын;<br>-объектиге ылайык программалоо негиздерин;<br>-ар кандай маалымат системдери үчүн заманбап операциондук системдерди түзүүнүн негиздери жана алардын маалымат базаларынын, аларды башкаруу системдеринин өзгөчөлүктөрү; | **66** | Программалоо<br><br>ЭЭМ жана четки түзүлүштөр;<br><br>Операциондук системдер;<br><br>Желелер жана телекоммуни-кациялар;<br><br>Маалыматты коргоо;<br><br>Маалымат база-лары;<br><br>Инженердик жана Компью-тердик чийим; | КК-1<br>КК-2<br>КК-3<br>КК-4<br>КК-5<br>КК-8<br>КК-9<br>КК-10<br>КК-11<br>КК-12 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | -компьютердик чийимдин, геометриялык үлгүлөөнүн ыкмалары жана каражаттары;<br>-желелик протоколдорду түзүүнүн, эсептөө системдерин уюштуруунун архитектуралык назарияттык негиздери;<br>-Интернет-технологияларынын негиздери;<br>-компьютердик системдердин маалымат коопсуздугун камсыздоо ыкмалары жана каражаттары;<br>**Билгичтиктер:**<br>-тармактык түзүмдөрдө, маалымат жана эсептөө системдеринде программдык-аппараттык каражаттарды колдонууну, комплекстөөнү, тандоону;<br>- маалымат жана эсептөө системдеринде программдык-аппараттык каражаттарды инсталляциялоо, тестирлөө, сыноо жана колдонууну;<br>-маселени коюу жана аны чечүүнүн алгоритмдерин иштеп чыгуу, негизги программдык иш кагаздарын иштеп чыгуу;<br>-заманбап программалоо системдери (анын ичинде программага ылайык) менен иштөө;<br>-операциондук системдердин конкреттүү конфигурацияларын күүлөө;<br>-маалымат базаларынын инфологиялык жана даатлогиялык түзмөктөрүн иштеп чыгуу;<br>**Ээ болуу:**<br>-процедуралык жана объектиге ылайык программалоо тилдери менен иштей билүү, бир жогорку деңгээлдеги программалоо тилинде программаны иштеп чыгуу жана оңдоо көндүмдөрү;<br>-ар түрдүү операциондук системдерде иштөө жана администрациялоо көндүмдөрү;<br>-маалымат базаларынын түзмөктөрүн сүрөттөө ыкмалары;<br>-чектүү желелерди конфигурациялоо көндүмдөрү,программалык каражаттар аркылуу желелик протоколдорду ишке ашыруу;<br>-техникалык иш кагаздарын иштеп чыгуу ыкмаларын жана каражаттарын | | Метрология, стандарттоо жана тастыктоо;<br><br>Ремонт техника;<br><br>Visual Basic Application | |
| | **Вариативдик** бөлүмдү үйрөнүүнүн натыйжасында студент төмөкүлөрдү **билүүсү зарыл:**<br>компьютердик тармактардын локалдык жана глобалдык структураларын; 1С: Предприятие системасынын орнотулушу, чөйрөсү, иштөө режимдери, компоненттери жана технологиялык платформасы, тилдин негиздерин, программалоо методикасын жана системаны конфигурациялоо; жасалма интелект методу менен экономикалык маселелерди чечүүнү автоматташтыруу үчүн логикалык жана функционалдык программалоону колдонуу; логикалык жана функционалдык стилдеги программалоону жана функционалдык, | 66 | Функционалдык жана логикалык программалоо;<br>Программалык каражаттарды тестирлөө;<br>Клиент-сервердик тикемени иштеп чыгуу;<br>VisualC#та программалоо;<br>Тиркемени визуалдык иштеп | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | логикалык программалоо тилинин өнүгүү перспективаларын, өзгөчөлүктөрүн билүүсү; веб-программалоонун базалык түшүнүктөрү жана принциптери, программалык продуктыны түзүнүн негизги этаптары, принциптери жана методдору.<br>**Билгичтиктер:**<br>ФП жана ЛП негизги концепцияларын, ФП Haskell жана ЛП Prolog тилин өздөштүрүү; конфигурация объектерин жаныдан түзүү, алардын арсындагы байланыштарды билүү, чөйрөдө иштөөнүн өзгөчөлүктөрү, типтүү конфигурацияларды талкуулоо жана пайдалана билүү; HTML5, CSS3, PHP, MySQL жана Open Server каражаттарын колдонуу менен программаларды түзүү жанааларды сыноо, маалыматты иштеп чыгууда.<br>**Ээ болуу:**<br>Haskell и Prolog тилдеринде программаны иштеп чыгууга; колдонмо экономикалык маселелерди чечүү алгоритмдерин жана методдорун реализациялоодо Haskell жана Prolog тилдеринин мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга ээ болуу; типтүү операцияларды кийирүүнү автоматташтыруу, конкреттүү маселеге жараша программаны өзгөртүү, 1С тилинде программалоо, конфигурацияны өзгортүү менен клиенттин запросторун түшүнүп билүү жана аларды 1С'те реализациялоо; веб багытындагы программалоонун методдорун, касиеттерин жана окуяларын колдонуу, клиет-сервердик информациялык системаларды түзүүгө,иштетүүгөжана ондого жанаишке ашыруу методдоруна ээ болуу | | чыгуу каражаты;<br>Чечимди кабыл алуу теориясы жана оптимизация усулу;<br>Web программалоо;<br>Программалык камсыздоону иштеп чыгуучу командалар технологиясы;<br>АХД мекемеси жана бухгалтердик эсеп негизи;<br>Маалыматтарды иштеп чыгуу алгоритми жана структурасы;<br>1С мекемесинде программалоо жана администирлөө<br>Инфокомуникациялык система; | |
| Б.4 | **Дене тарбия** | **400 саат** | | СИЖМК-4 |
| Б.5 | **Практика жана(же) илимий изилдөөчүлүк иш** (практикалык билгичтиктер жана көндүмдөр ЖОЖ дун НББП менен аныкталышат) | **15** | Окуу-таанышуу практикасы;<br>Өндүрүштүк практика;<br>Квалификациялык практика. | ЖИК-6<br>КК-6<br>КК-**7** |
| | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | **15** | | |
| | **Негизги билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу (Бакалавр)** | **240** | | |

*1. НББП ОСга кирүүчү айрым окуу сабактарынын эмгек сыйымдуулугу 10 кредитке чейинки интервалда берилет.*

*2. НББП ОСны Б1, Б2 жана Б3 базалык түзүүчүлөрдүн кошунду эмгек сыйымдуулугу НББП ОСда көрсөтүлгөн жалпы эмгек сыйымдуулугунун 50 пайыздан кем эмесин түзүүсү керек.*

*3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация өз ичине бакалаврдык бүтүрүүчү дасыктык иштин корголушун камтыйт.*

## 6. НББПны ишке ашыруу шартына коюлган талаптар

### *6.1. Окуу жараянын кадрлык камсыздоо*

Бакалаврды даярдоо НББП сын ишке ашыруу системдик түрдө илим менен алектенген жана илимий-усулдук иш-аракеттенген жана берилген сабактан каптал бетине ылайык эреже катары базалык билимдүү педагогикалык кадрлар ишке ашыруусу керек.

Кесиптик циклдин окутуучулары, эреже катары кандидаттык, докторлук илимий даражадагы жана кесиптик чөйрөдө ылайык иш тажрыйбалуу болуусу зарыл.

Берилген НББП боюнча билим берүү жараянын камсыздаган окутуучулардын жалпы санында илимдин кандидаты же доктору даражасындагы окутуучулардын бөлүгү 35% дан кем эмес болушу керек.

### *6.2. Окутуу жараянын укуктуу-усулдук жана маалыматын камсыздоо*

Бакалаврларды даярдоо НББПсын ишке ашыруу ар бир студенттин негизги билим берүү программасынын сабактарынын толук саны боюнча түзүлгөн китепкана фондусуна жана берилген базаларга кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо керек. Жогорку окуу жайынын билим берүү программасында тажрыйбалык практикум жана амалияттык сабактар камтылуусу керек.

Китепкана фондунун толук жыйнагынан төмөнкү тизмеден 6дөн кем эмес ата мекендик жана чет элдик журналдарга кирүүсүн камсыздоо зарыл: «Мир ПК», «КомпьютерПресс», «Электроника», «Теория и система управления», «Автоматика и вычислительная техника», «Микропроцессорные средства и системы» ж.б.

IT-технологиянын теориясынын жана практикасынын өтө тез өнүгүшүнүн натыйжасында негизги жана жардамчы адабияттарды төмөнкү сайттарда чыгарылуучу интернет булактардан алууга болот:

http://window.edu.ru/window_catalog,
http://fmi.asf.ru/Library/Book.
http://itteach.ru
http://intuit.ru
http://studfiles.ru *ж.б.*

### *6.3. Окутуу жараянын материалдык техникалык камсыздоо*

Бакалаврларды даярдаган НББПны ишке ашырган жогорку окуу жайлары учурдагы тазалык жана өрткө каршы эрежелерге жана ченемдерге тура келген, жогорку окуу жайлардын окуу планында каралган студенттерди тажрыйбалык, сабактык жана сабак аралык даярдоону, практикалык жана илим-изилдөө иштеринин бүт түрлөрүн жүргүзүүнү камсыздаган техникалык база менен камсыз болуусу зарыл.

Бакалаврдык программаны ишке ашыруу үчүн минималдуу материалдык техникалык каражаттар төмөнкүдөй болуусу зарыл:

окуу амалияттары жана класстары азыркы учурдагы компьютерлер менен, интернетке чыгуучу бириккен локалдык эсептөө тармактарга туташкан; Практикалык иштерди аткарууга студентке мүмкүнчүлүк түзүү үчүн ар кандай архитектурадагы (бир ядердик, көп ядердик, параллель жана топтоштурулган процессорлор) электрондук эсептөө машиналары;

ЖОЖдун ЖБПсына ылайык ар бир сабак тиешелүү түрдө лицензияланган программалык продуктылар менен камсыздануусу.

Окуу процессин жабдуучу программалык каражаттар төмөнкүлөрдү камтыйт:

*Базалык:*

операциялык системалар;

